| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br><br>ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР |
|---|---|---|

## ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 9- КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2025-жылдын 8- июль № 52 — Оргочор айылы

**Барскоон -Каракол жолун реконструкциялоого кум-шагыл алуу карьерлерди бекитип берүү жөнүндө**

Барскоон -Каракол автоунаа жолунун курулуш иштери башталганына байланыштуу, Оргочор айыл аймагынан Оргочор тоо участкасындагы №695 контурунан 20,565га , Капа-Булак участкасынан №961 жана №963 контурларында жайгашкан 17,26 га жана Кара-Кунгөй участкасындагы №883 контурундагы 15,323 га жерлерди Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №379 “Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун оңдоонун жана куруунун айрым маселелери жөнүндө”” токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу 2022-жылдын 18-ноябрындагы №635 токтомунун негизинде жана Оргочор айыл өкмөтунун жер адиси А.Салмакеевтин жана “Chine Road” жана “Транспорт жана коммуникациялар министирлигинин өкүлү-эколог Кайдуев Данияр Жеңишовичтин билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап жергиликтүү кеңештин сессиясы **токтом кылат :**

1. Барскоон -Каракол автоунаа жолунун курулуш иштери башталганына байланыштуу, Оргочор айыл аймагынан Оргочор тоо участкасындагы №695 контурунан 20,565га , Капа-Булак участкасынан №961 жана №963 контурларында жайгашкан 17,26 га жана Кара-Кунгөй участкасындагы №883 контурундагы 15,323 га жер тилкеси бөлүнүп берилсин.
2. Оргочор жана Боз-Бешик айылдарындагы Оргочор тоосундагы карьердеги кум-шагыл ташуу үчүн,альтернативдик жолду кум-шагыл төгүү жагы “Транспорт жана коммуникациялар министирлигине” тапшырылсын.
3. Экологиялык тең салмактуулукту сактоо максатында кыртыштын күрдүүлүгүн калыбына келтирүү,жаңылоо жана жогорулатуу боюнча рекультивация иштери өз убагында аткарылуусу жана керектүү иш кагаздарын тийиштүү мамлекеттик мекемелерден мыйзам чегинде бүтүрүп алуу жагы “Транспорт жана коммуникациялар министирлигине” тапшырылсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин айыл чарба жана экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына көзөмөлдөө маселелери жана Оргочор айыл өкмөт башчысы Н.М.Жусуповго тапшырылсын.

**Төрага** — **А.Тыныбеков**